# Саякатчы Көлчүк



Автор: Алла Пятибратова

Которгон: Сулайман Рысбаев

Сүрөтчү: Арууке Исакова

# Саякатчы Көлчүк

Автор: Алла Пятибратова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Арууке Исакова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Саякатчы Көлчүк» (кыргыз тилинде), автор Алла Пятибратова, которгон Сулайман Рысбаев, сүрөтчү Арууке Исакова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Бир Көлчүк кыштактан алыс эмес жерде, жолдун так ортосунда жашачу. Анын бул жерде жашаганына көп болгон, ансыз жолду элестетүүгө мүмкүн эмес эле.

– Салам, Көлчүк! – деп, чымчыктар бийиктен түшүп келип учурашчу да, суусунун кандырып же ысык күндө суусуна чайынып алчу.

Айылдын балдары велосипеддери менен катуу келе жатып, Көлчүктү тебелеп өтүп, суусун ар тарапка чачыратып, күнгө чагылыштырып өтүүнү жакшы көрчү.

– Кандай сонун болду! – дешип кыйкырып күлүп өтүшчү ошондо.





Көлчүк дагы күлүп калчу. Бирок, силерге чынын айтуу керек, анын тынчтыгын бузуу жакчу эмес.

Ал бул дүйнөдө тынч жана бейпилдикти баарынан жакшы көрөр эле. Бирок, ызы-чуулуу жолдун ортосунда жашап жатып, аны кыялында гана эңсечү.



Көлчүк качан ага көк асмандын бир четин күзгү кылып каранганына жана апакай булуттардын үзүмү чагылышканына абдан кубанар эле.

Бул дагы өтө сейрек болор эле, анткени машиналардын, мотоциклдердин дөңгөлөктөрү көлчүктүн бетинин күзгүсүн чачырата сындырып кетчү, а бул учурда анын бетине эч нерсе чагылбай калчу.

Акыры Көлчүктү мындай тынчы жок жашоо жадатты. Ал жөн гана тынч жерден орун тапкысы келди.

– Менин айланама кооз гүлдөр өсүп турушун каалайм! Тынч болуусун эңсейм! – деп Көлчүк  өзүнө-өзү айтты да, саякаттап жөнөдү.



Кооз жана тынч жерди табуу кыйын болду, көпкө издеди. Андай жер жолдон алыс, тоонун кырларынын ортосундагы колоттон табылды.

– Мына, мага керек жер! – деп сүйүнүп кетти да, Көлчүк жаңы жерге ыңгайлуу жай алды.

Айланасы жапжашыл, түрдүү чөптөр, ромашкалар, коңгуроо гүлдөрү жана башка гүлдөр менен тааныша баштады.





Көлчүккө эч ким тийбеди, тынчтыгын албады. Жеңил шамал гана кээде күзгүдөй бетин желпип өтүп турат.

Көк асман күн сайын анын суусуна жуунуп жаткансыды, а түн киргенде жылдыздар жыбырап сүзүп жүрдү. А жамгыр жааганда Көлчүктүн суулары көбүккө толуп, ары-бери чачырап, өзүнүн уйкулуу сонатасын ойноп жаткансыйт.

– Салам, Көлчүк! – деп, чымчыктар мурдагыдай сайрап, канаттарын сермеп өтүп жатышты.

Көлчүк каякта жашайт, канаттууларга баары бир да. Алар ар күнү ага конокко келип турушту.

Көлчүк дайыма өзүнө майда шайыр таранчылар келгенде кубанычка бөлөнөт. Алар анын күзгүсүн сындырышпайт, ага кооз гүлдөр жана апакай булуттар менен бирге өздөрүн көрүп кубанышат.



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Алла Пятибратова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Арууке Исакова



USAIDдин "Окуу керемет!"
долбоору
Кыргыз Республикасы


- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли